УДК 37.091:373.2
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-74-78

**АБДЫМОМУНОВА Г.А., ЭГАМБЕРДИЕВА А.А., НАЗАРОВА Г.С., АБДИРАШИТ КЫЗЫ М., БАЛТАБАЕВА С.Н.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АБДЫМОМУНОВА Г.А., ЭГАМБЕРДИЕВА А.А., НАЗАРОВА Г.С., АБДИРАШИТ КЫЗЫ М., БАЛТАБАЕВА С.Н.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ABDYMOMUNOVA G., EGAMBERDIEVA A., ABDIRASHIT KYZY M., NAZAROVA G., BALTABAEVA S.**
KNU Jusup Balasagyn

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНДА ГУМАНДУУЛУК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

## ФОРМИРОВАНИЯ ГУМАННОСТИ У МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

## FORMATION OF HUMANISTIC QUALITIES IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул изилдөөдө кенже мектеп окуучуларында гумандуулук сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык негиздери жана методдору иликтенди. Илимий-методикалык изилдөөнүн жүрүшүндө окуучулардын боорукерлик, адептүүлүк, урматтоо, жоопкерчилик сыяктуу инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган ар түрдүү диагностикалык жана практикалык ыкмалар колдонулду. Жыйынтыгында, гумандуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугу мугалимдин методикалык чеберчилигине жана системалуу ишине түздөн-түз байланыштуу экени аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыктары башталгыч класстарда гумандык баалуулуктарды калыптандыруунун эффективдүү жолдорун сунуштайт.

**Аннотация:** В данном исследовании рассматриваются педагогические основы и методы формирования гуманистических качеств у младших школьников. В ходе научно-методической работы использовались различные диагностические и практические методы, направленные на развитие таких личностных качеств, как сострадание, вежливость, уважение и ответственность. В результате установлено, что эффективность воспитания гуманности напрямую зависит от методического мастерства педагога и системного подхода. Полученные результаты представляют собой рекомендации по эффективному формированию гуманистических ценностей у учеников начальных классов.

**Abstract:** This study examines the pedagogical foundations and methods for developing humanitarian qualities in primary school students. Various diagnostic and practical methods were applied to foster personal traits such as empathy, politeness, respect, and responsibility. The findings indicate that the effectiveness of fostering humanistic values is directly related to the teacher’s methodological competence and systematic approach. The results provide practical recommendations for the effective development of humanitarian values among elementary school pupils.

**Негизги сөздөр:** гумандуулук; кенже мектеп окуучулары; педагогикалык методдор; боорукердик; адеп-ахлак; тарбия; социалдык мамиле.

**Ключевые слова:** гуманизм; младшие школьники; педагогические методы; сострадание; нравственность; воспитание; социальные отношения.

**Keywords:** humanism; primary school students; pedagogical methods; compassion; morality, education, social interaction.

Коомдун өнүгүшү ар дайым белгилүү бир тарыхый шарттарда жүрөт. Ошол шарттарда социалдык топтордун ичинде адамдардын бири-бири менен болгон мамилелери калыптанат. Ар кандай чакан топтор чоң коомдун курамына киргендиктен, алар өз иш-аракеттеринде жана мамилелеринде ошол чоң топко мүнөздүү жүрүм-турумду, нормаларды, байланыш ыкмаларын жана жалпы «тилинин» үлгүлөрүн

өздөрү менен кошо алып жүрүшөт. Чакан топтор, мисалы үй-бүлө же класстагы окуучулар, баланын коом менен болгон байланышын камсыз кылган ортомчу чөйрө болуп саналат [1]. Бирок алар өз алдынча жаңы баалуулуктарды же социалдык нормаларды түзбөйт. Алар болгону коомдо мурда эле калыптанган эрежелерди, баалуулуктарды жана керектөөлөрдү балага жеткирип беришет. Балдардын тобунда болуп жаткан социалдык-психологиялык процесстерге көңүл буруу чоңдор менен балдардын мамилеси бири-бири менен тыгыз байланышта экенин унутпоону талап кылат. Башкача айтканда, чоңдор (ата-энелер жана мугалимдер) балдардын өз досторуна жана тобуна болгон мамилесине түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан бул таасирди изилдеп, талдоо абдан маанилүү. Бул багытта башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоо, ошондой эле таасирди эффективдүү колдонууга өбөлгө түзгөн каражаттарды, жолдорду, ыкмаларды жана шарттарды иштеп чыгуу маселелери изилденген. Бул маселелерге А.А. Алимбеков, М.Д. Айдарова, Г.К. Казиева, Г.А. Касымова, Н.С. Шадиев ж.б. илимий эмгектери арналган [11].

Кыргыз элинде жаш муундарды тарбиялоо тажрыйбасы бай тарыхка ээ. Педагогика өз алдынча илим катары калыптана элек убакта да тарбиялоо — элдин жашоо-тиричилигинин табигый бөлүгү болуп келген. Кыргыз элинин жаштарды тарбиялоого болгон көз караштары, идеялары оозеки чыгармаларында көркөм жана терең мааниде чагылдырылган. Айрыкча, «Манас» эпосу — кыргыздардын тарыхый турмушун, көз карашын жана жаш муунга тарбия берүү тажрыйбасын жандуу сүрөттөгөн улуу чыгарма. Ал муундан муунга тажрыйба өткөрүүнүн маанисин жана тарбия процессин кеңири чагылдырат. «Манас» эпосу энциклопедиялык мазмунга ээ чыгармалардын бири болуп эсептелет. Анда тарых, география, биология, астрономия, медицина сыяктуу көптөгөн илим тармактарына байланыштуу маалыматтар камтылып, угармандарга билим берүү жана дүйнө таанууну кеңейтүү милдетин аткарган. Ошондуктан эпос эл арасында абдан кеңири таралып, өзгөчө урмат-сыйга ээ болгон. Мындан тышкары, «Манастын» каармандары аркылуу элдин этика жана моралга байланыштуу түшүнүктөрү түшүндүрүлүп, жаштарга тарбия берүүнүн натыйжалуу каражатына айланган. Тарбия берүү - бул максаты так аныкталган аң-сезимдүү процесс. Максат так болгондо гана ал жакшы жыйынтык берет [4].

Кыргыз эли ар дайым кандай адамды тарбиялап өстүрүү керек деген суроого көңүл бурган. Алардын тилеги - мыкты, акылдуу, адептүү жана эр жүрөк адамды тарбиялоо болгон. Ушул элдик түшүнүктүн эң жакшы үлгүлөрүн “Манас” баштаган эпостун оң каармандары алып жүргөн. Ошондуктан бул каармандарга коюлган талаптар да абдан жогору болгон.

Кыргыз эли үчүн урпакты жөн гана тукум улантуу үчүн эмес, ар тараптан жеткилең инсан кылып өстүрүү маанилүү болгон. Ошондуктан «Манас» эпосундагы каармандар турмуш чындыгынан алынган гана образдар эмес, алар элдин кыял-тилеги, ой-мүдөөсү менен ширелишкен көрүнүштөр.

Эпосто сүрөттөлгөн доор - согуштук демократия мезгили. Ал убакта коомдун негизги керектөөсү жоокердик сапаттарга байланыштуу болгон. Себеби кыргыз эли кылымдар бою көз каранды эместик, эркиндик үчүн ички жана тышкы душмандар менен күрөшүп келген. Ошондуктан жоокер болуу — эркектер үчүн гана эмес, уруу-уруктун бардык мүчөлөрү үчүн эң башкы милдет болуп эсептелген.

Бирок элдин баатырдык түшүнүгүн жөн гана күчкө негизделген деп кабыл алууга болбойт. Чыныгы баатыр күчтү акылмандык, адамгерчилик, адептүүлүк, өнөрчүлүк менен айкалыштыра билген адам болушу керек эле. Элдин идеалы — жерин, элин сүйгөн, эркиндигин баалаган, башка элдерди сыйлай алган, эмгекти сүйгөн, өнөрдү урматтаган, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөткөн адептүү жана сулуулукту түшүнгөн сезимтал инсан болгон.

Идеалдуу каармандарды жалаң гана оң сапаттардан түзүлгөн, эч кемчилиги жок деп түшүнүүгө болбойт. Алар да адамдык касиеттери менен, күчтүү жана алсыз жактары менен элдин турмуштук көз карашын чагылдырып турат.

Ар бир тирүү жан сыяктуу эле, адамдын да иш-аракетинде жана жүрүм-турумунда кемчиликтер, жаңылыштыктар болот. Бул табигый нерсе. Манас да ошол жагынан өзгөчө эмес - анда кайдыгерлик, көңүл коштук сыяктуу сапаттар кездешет. Бул анын образын турмуштук, жандуу жана жашоого жакын кылып көрсөтөт. Ошондой эле бул көрүнүш кыргыз элинин адамды үзгүлтүксүз өнүгүп, өзүн жетилдирип туруучу жан катары түшүнгөнүн айгинелейт.

Кыргыз эли балдарды тарбиялоодо эмгекке, оюн-зоокко, жакшы адамдардын үлгүсүнө жана сөздүн күчүнө өзгөчө маани берген. Бул өзгөчөлүк «Манас» эпосунда даана көрүнөт. Мисалы, Манастын бала кезинде Ошпурга кой кайтарууга жиберилиши — эмгек аркылуу тарбиялоонун мисалы. Ошондой эле кылыч чабуу, жаа атуу, найза ыргытуу сыяктуу аскердик оюндар аркылуу балдарды келечектеги жоокерликке даярдоо максат кылынган.

Элдик тажрыйбада сөздүн күчү өтө жогору бааланган. «Өнөр алды - кызыл тил» деген накыл кеп бул ойлорду бекемдейт. Сөздүн таасири балдарга гана эмес, чоңдорго да багытталган. Ошондуктан акыл-насаат, каалоо, кыйытып же түз айтуу, ант берүү, бата жана каргыш сыяктуу сөз формалары аркылуу тарбиялык максаттар ишке ашырылган. Бул көрүнүш эпостун көптөгөн каармандарынын сүйлөгөн сөздөрүндө байкалат. Айрыкча, керээз жана кошок сыяктуу салттык тексттердин да терең тарбиялык мааниси бар экени белгилүү.

Манастын керээзи - бул жөн гана коштошуу эмес, баласына болгон терең мээримин жана камкордугун билдирген, келечек муундарга багытталган акылман осуят. Бул көрүнүш кыргыз элинде ата-эненин, өзгөчө атанын, бала тагдыры үчүн чоң жоопкерчиликти сезип, алдын ала даярдык көрүү маданияты калыптангандыгын далилдейт.

Ошол эле учурда энелердин образы да зор мааниге ээ. Каныкей, Айчүрөк, Алтынай сыяктуу каармандар аркылуу эненин үй-бүлөдө, өзгөчө баланын инсан болуп калыптанышындагы ролу ачык көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, көптү көргөн карыялардын акыл-насааты жана турмуштук тажрыйбасы эпосто терең мааниде берилет.

Бул чыгармадан улуу муун менен жаштардын ортосундагы байланыштын жана руханий мурастын муундан муунга өтүшүнүн канчалык маанилүү экени көрүнүп турат. Ошол эле учурда бул маселени чечүүнүн жолдору да эпосто кеңири жана так чагылдырылган.

Балдардын ортосундагы мамилелерди изилдөө үчүн колдонулуучу ыкмалар. Кенже мектеп жашындагы окуучулардын ортосундагы гумандуулук мамилелерди аныктоо үчүн ар түрдүү психологиялык жана педагогикалык диагностикалык методдорду колдонуу сунушталат [2]. Бул методдор окуучулардын боорукердик, эмпатия жана адеп-ахлактык түшүнүктөрдү кандай деңгээлде өздөштүргөнүн аныктоого мүмкүндүк берет [3]. Методдорду төмөнкү топторго бөлсөк болот:

- Сурамжылоо методдору: Балдардын бири-бирине болгон мамилесин, боорукердик жана жардам берүү ниеттерин ачыктоого жардам берет.
- Проективдик методдор (сүрөттү бүтүрүү, окуяны улантуу ж.б.): Бала өзүнүн ички сезимдерин жана социалдык мамилелерин кыйыр түрдө билдире алат.
- Көзөмөлдүү байкоо: Оюн учурунда же топтук иште балдардын жүрүм-турумун байкап, алардын өз ара карым-катнашын талдоого мүмкүнчүлүк берет.
- Рейтинг жана социометрия: Класстагы балдардын бири-бирине карата баалоосун жана социалдык абалын аныктоо үчүн колдонулат.

Бул ыкмалар аркылуу алынган маалыматтар мугалимдерге жана ата-энелерге окуучулардын гумандуулук деңгээлин баалап, тарбиялык ишти туура багыттоого жардам берет.

Кенже мектеп окуучуларын гумандуулукка тарбиялоодо колдонулган методдор: практикалык байкоолор жана талдоо.

Биздин изилдөөбүздө Бишкек шаарындагы №106 орто мектепте кенже мектеп окуучуларын гумандуулукка тарбиялоодо колдонулуп жаткан методдорду байкоо аркылуу талдап чыктык. Жүргүзүлгөн байкоолор методдордун көпчүлүгү окуучулардын психологиялык жана педагогикалык көйгөйлөрүн чечүүдө натыйжалуу экенин көрсөттү.

Алгач, окуучулардын өз ара мамилелерин, башкаларга болгон мамилесин жана гумандуулук баалуулуктарын кандай деңгээлде баалап, кабыл алганын аныктоо максатында социалдык-психологиялык анкета колдонулду. Бул тест окуучулардын эмпатиясын, боорукерлигин жана адамгерчилигин өлчөө максатын көздөйт. Анкетада төмөнкүдөй суроолор камтылган:

- «Сенин досуңду башка бирөө жаман сөз менен кемсинткенде эмне кылар элең?»
- «Эгерде сен бирөөгө жардам берсең, аны кандай сезимдер менен кабыл аласың?»
- «Эгер досуң ооруп калса эмне кылар элең?»

- «Бирөөнүн ыйлап жатканын көрсөң эмне кыласың?»
- «Сен үчүн башка адамдардын сезимдери маанилүүбү?»
- Суроолор жөнөкөй тилде түзүлүп, ар бир суроого үч-төрт вариант сунушталган («Ооба», «Жок», «Ойлонгон эмесмин»). Бул анкета мугалимдерге окуучулардын адамгерчиликтүү сапаттарын жана эмоционалдык абалын баалоого реалдуу мүмкүнчүлүк берди. Сурамжылоонун жыйынтыгында эки класстын окуучуларынын 80%ы жардамга дайым даяр экенин жана мээримдүүлүк менен адамгерчиликке жогорку маани берерин көрсөттү.
- Кийинки колдонулган метод - ролдук оюндар жана сценарийлер. Бул ыкма окуучулар арасында гумандуулук мамилелерди калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ. Окуучулар Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын окуп гана тим болбостон, окуяларды сахналаштыруу аркылуу каармандардын абалын терең түшүнүүгө, алардын ордуна өздөрүн коюп көрүүгө аракет кылышат. Бул аракет окуучулардын жүрүм-турумунда жана адамдык сапаттарында байкаларлык оң өзгөрүүлөрдү шарттайт.

Мугалим «Сен бирөөнүн кайгысын сезе аласыңбы?» сыяктуу сценарийлерди сунуштап, окуучуларга ар түрдүү ролдорду ыйгарып, алардын кырдаалга болгон мамилесин байкап, терең талкуу жүргүзөт. Мындай активдүү окутуу формалары балдардын эмоцияларын жана коомдук жүрүм-турумун талдоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Көзөмөлдөө ыкмасы – окуучулардын мектептеги жана башка коомдук чөйрөлөрдөгү жүрүм-турумун байкоо [7]. Мисалы:

- Топтук иштерде окуучулардын өз ара жардамдашуусу жана сый-урмат көрсөтүүсү;
- Класстагы талкууларда бири-биринин пикирин угуу;
- Сабак учурунда же оюн маалында досторуна карата мамилеси.

Бул байкоолор окуучулардын гумандуулук сапаттарын тереңирээк түшүнүүгө шарт түзөт.

Гумандуулукту калыптандыруу үчүн колдонулган негизги методдор.

1. Аң-сезимди калыптандыруу ыкмалары: түшүндүрүү, ынандыруу, сунуш берүү, тарбиялык окуялар.
2. Практикалык ыкмалар: этикалык көнүгүүлөр, коммуникациялык тапшырмалар, көрсөтмөлөр [6].
3. Стимулдаштыруу ыкмалары: мактоо, ишеним көрсөтүү, жактыруу.
4. Эмоционалдык-элестетүү жана көйгөйлүү кырдаалдарды чагылдыруу: окуя-эмоция ыкмасы, чыгармачылык иш, жамааттык чындык издөө, моралдык маселелерди биргелешип чечүү.

Кенже мектеп окуучуларына гумандуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугу мугалимдин педагогикалык жана методикалык чеберчилигине түздөн-түз көз каранды. Ал адамды өзүнүн билими жана сүйүүсү, өзүнүн дүйнөгө болгон мамилеси менен тарбиялайт [10]. Бул багыттагы окутуу жана тарбиялоо иштери төмөнкү негиздерге таянышы керек:

- Үлгү көрсөтүү: Балдар өз чөйрөсүндөгү чоңдордун, айрыкча ата-энелер жана мугалимдердин жүрүм-турумун кайталап, андан үлгү алышат. Гуманизмди үйрөтүүнүн эң натыйжалуу жолу - ошол баалуулуктарды өзүбүз көрсөтүү.
- Тарбиялык иш-чаралар: Ар түрдүү көрсөтмө материалдар, көркөм адабият, этикалык баяндар жана оюн формасында уюштурулган сабактар балдарда гумандык түшүнүктөрдү калыптандырат.
- Психологиялык колдоо: Балдардын өзүн-өзү баалоосу жана социалдык ролдорду аткарууга болгон ишеничин жогорулатуу, эмоционалдык акыл-эстүүлүктү өнүктүрүү багытында иш жүргүзүү.
- Практикалык көнүгүүлөр: Башкаларга жардам берүү, боорукерлик көрсөтүү жана чыныгы турмуштук мисалдар менен окуучуларды моралдык-этикалык жоопкерчиликке үндөө.
- Гумандуулукка тарбиялоо - бул жалаң эле этикалык баалуулуктарды үйрөтүү эмес, баланын инсандык өзөгүн калыптандыруу процессин камтыйт. Мындай процесс жандуу байланышта, жогорку эмоционалдык коопсуздук шартында жана баланын ички дүйнөсүнө таасир берүү аркылуу ишке ашырылат [8].

Жыйынтыктап айтканда, кенже мектеп курагы - социалдык жана эмоционалдык өнүгүүнүн өтө маанилүү этабы. Бул мезгилде балдар өздөрүнүн коомдогу ордун жана ролун түшүнүп, башкалар менен болгон мамилени тереңирээк аңдай башташат. Ошондуктан аларды гумандуулукка тарбиялоо өзгөчө ыкмалардын, индивидуалдык жана жамааттык мамиленин негизинде уюштурулушу зарыл.

Кенже мектеп окуучуларынын гумандуулук сапаттарын калыптандыруу — комплекстүү, системалуу, мугалимден жогорку кесиптик чеберчиликти талап кылган, психологиялык жана педагогикалык мамилелерди айкалыштырган узак мөөнөттүү процесс болуп саналат. Изилдөөнүн жыйынтыктары бул багыттагы иш ырааттуу жана максаттуу жүргүзүлүшү зарыл экенин көрсөттү.

Изилдөө процессинде колдонулган социалдык-психологиялык анкеталар, ролдук оюндар, байкоо жана башка методдор балдардын боорукерлик, урматтоо, жоопкерчилик сыяктуу сапаттарын өнүктүрүүдө натыйжалуу экендиги аныкталды.

Гумандуу баалуулуктарды калыптандыруунун негизги шарттары катары [9] мугалимдин методикалык жана педагогикалык чеберчилиги, үлгү аркылуу тарбия берүү, психологиялык колдоону камсыз кылуу, практикалык көнүгүүлөрдү жана этикалык тарбия иштерин системалуу уюштуруу белгиленди.

Кыргыз элинин бай тарбиялык тажрыйбасы, айрыкча «Манас» эпосунда камтылган адеп-ахлактык идеялар, кенже курактагы балдарды адамгерчиликке тарбиялоодо баалуу булак болуп саналат. Гумандуулукка тарбиялоо баланын инсандык өзөгүн бекемдөөгө жана коомдук мамилелерде адептүүлүк менен иш алып баруусуна багытталган узак мөөнөттүү процесс экени далилденди.

Демек, башталгыч класстарда гумандуу баалуулуктарды калыптандыруу үчүн педагогдор системалуу, комплекстүү жана эмоционалдык жактан коопсуз чөйрө түзүп, ар түрдүү тарбиялык ыкмаларды өз ара айкалыштыруу аркылуу гана туруктуу натыйжага жетише алышат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абраменкова В.В. Балдардын бири-бири менен болгон мамилеси — балалык чакты социалдык психологиялык изилдөөнүн объектиси катары. // Окуучулардын психодиагностикасы, окутуу жана өнүгүү маселелери. М., 1985.
2. Александрова В. Гумандык педагогиканын жогорку максаты. // Окуучуларды тарбиялоо. 2004. № 2.
3. Андреев В.И. Педагогика. Казань, 2000.
4. Асмолов А.Г. Жекеликти психологиялык изилдөөнүн объектиси катары. М., 1984.
5. Асмолов А.Г. Жекеликти түшүнүүдөгү тарыхый-эволюциялык ыкма. Психология маселелери. 1986. № 1.
6. Балашов Л.Е. Гуманисттик манифест. М., 2000.
7. Божович Л.И. Жекелик жана анын балалык куракта калыптанышы. М., 1968.
8. Бондаровская М. Гумандык педагогиканын принциптери. // Илим жана мектеп. 2004. № 2.
9. Валеева Р. Гуманисттик тарбия жана жамаат. // Окуучуларды тарбиялоо. 2000. № 6.
10. Сулайманова, Р.Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р. Т. Сулайманова, Н. А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – № 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.
11. Сулайманова, Р.Т. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоо маселесинин теориялык жактан изилдениши / Р.Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2021. – №. 4(108). – P. 53-58. – EDN LWZMUV.

**Рецензент: п.и.д., профессор Сулайманова Р.Т.**